# Дидактика

№7 (26) ноябрь, 2023-жыл

ОшМУнун профессордук-окутуучулук курамынын илимий-педагогикалык, маалыматтык гезити


# ОшМУда Дивали фестивалы





Эл аралык медицина факультетинде 8-ноябрь күнү Дивали фестивалы болуп өттү. Дивали Индиядагы жарыктын караңгылыкты, жакшылыктын жамандыкты жеңгендигин билдирген негизги майрамдардын бири.

Майрамдык салтанатка КР Министрлер Кабинетинин төрагасынын орун басары Эдил Байсалов, Президенттин Ош облусундагы ыйгарым укуктуу өкүлүнүн орун басары Эрнис Толтоев, ректор Кудайберди Кожобеков баштаган профессордук-окутуучулук курам жана студенттер катышты.

Министрлер Кабинетинин төрагасынын орун басары Эдил Байсалов ОшМУда билим алып жаткан индиялык студенттерди улуттук Дивали майрамы менен куттуктап, Кыргызстан укуктук жана ачык мамлекет катары дүйнөлүк маданий жана билим берүү мейкиндигине интеграциялануута умтулуп жатканын айтты. “Бул жагынан ОшМУ өлкөдөгү ЖОЖдордун ичинен алдыңкы орунда баратат. Учурда ОшМУда жакынкы жана алыскы чет өлкөлөрдөн миңдеген жаштар келип билим алып, университетте улуттук маданий цивилизациялардын өз ара алмашуучу уникалдуу атмосферасы түзүлгөн”, -деди Эдил Байсалов.

Иш-чара фестивалга арналган концерт программа менен коштолду. Анда студенттер өз өлкөсүн даңазалаган ыр-бийлерди аткаруу менен кыргыз элинин улуттук бийлерин бийлешип, ыр ырдашты.

# Scopusтун ресурстук борбору ачылды



“Кандай журналдарга макалаларды чыгарууга боло тургандыгы боюнча борбордун адистери маалымат берип, көмөктөшөт. Борбордун ачылышы менен буга чейинки бир топ көйгөйлөр чечилип, сапаттуу макала чыгарууга шарт түзүлөт. Мындан сырткары ОшМУнун QS (Quacquarelli Symonds) рейтингине кирүүсүнө дагы салым кошот”,-деди ОшМУнун рейтинг бөлүмүнүн башчысы Максат Тотобаев.

ОшМУнун “Scopus Research Hub” ресурстук борборунун кызматынан Ош, Баткен, Жалал-Абад облустарындагы ЖОЖдордун окутуучулары пайдалана алышат. Тактап айтканда, Scopus эл аралык маалыматтар базасынан авторлорду, макалаларды жана журналдарды издөө, маалыматтарды алуу сыяктуу кызматтар көрсөтүлөт.

Борбордун ачылуу аземине “Elsevier” эл аралык маалыматтар базасынын глобалдык стратегиялык тармактар боюнча вице-президенти Марат Фатхуллин баштаган өкүлдөр, Informascope компаниясынын директору Чинар Киванч, ректор Кудайберди Кожобеков жана ЖОЖдордун ректорлору катышты.

Ресурстук борбор ОшМУнун илимий китепканасынын 2-кабатында жайгашкан.

ОшМУнун ректору, профессор К.Кожобеков:

## “Эл аралык кызматташуу - жаңы бийиктикке өбөлгө”



4-5-беттер

## QS глобалдык рейтинги көңүл борборунда болууга тийиш

3-бетте

## Жаңыралы! Жаңырталы!



6-бетте

## Салттуу, же заманбап: билим берүү жана алуу канткенде жеңилдейт?

7-бетте

Дидактика
ОшМУнун профессордук-окутуучулук курамынын илимий-педагогикалык, маалыматтык гезити



# ОшМУ Ташкент ЖОЖдорунда

ОшМУнун ректору Кудайберди Кожобеков баштаган делегация Өзбекстандын бир топ алдыңкы ЖОЖдорунда болуп,тарыхый иш чараларга катышты.

Ташкент мамлекеттик стоматологиялык институтунда болуп, ректору Нодир Хайдаров менен, Низами атындагы Ташкент мамлекеттик педагогикалык университетинде болуп, ректору Абдугаффор Киргизбоев менен академиялык мобилдүүлүк, окутуучулардын квалификациясын жогорулатуу жана илимий-изилдөө иштери боюнча макулдашууларды жүргүздү.

Делегация өкүлдөрү аталган университеттерде академиялык мобилдүүлүк программасы боюнча билим алып жаткан ОшМУнун студенттери менен жолугушуп, залкар жазуучу Чыңгыз Айтматовдун 95 жылдык маарекесине арналган конференцияга катышты. Андан соң окуу жайдын факультеттери жана окуу лабораторияларында болушту.

Ректор баштаган делегация А.Навои атындагы Ташкент мамлекеттик өзбек тили жана адабияты университетинде уюшулган ОшМУнун "Ч.Айтматов атындагы кыргыз тили



жана маданияты" борборунун расмий ачылышына катышты. Аталган университеттин ректору Шухрат Сирожиддинов жана профессордук-окутуучулук жамааты кыргыз делегациясын жылуу кабыл алышты.

Борбор материалдык-техникалык каражаттар менен жабдылып, кыргыз тилине, адабиятына, тарыхына, маданиятына байланышкан көркөм, илимий адабияттар жана макалалар коюлган.

ОшМУнун ректору, профессор К.Г. Кожобеков баштаган делегация андан ары Ташкент шаарындагы М.Улукбек атындагы Өзбекстан улуттук университетинде академик Махмуд Салахитдинович Салахитдиновдун туулган күнүнүн 90 жылдык юбилейине арналган "Дифференциалдык теңдемелердин заманбап маселелери жана алардын колдонулушу" аттуу эл аралык илимий конференцияга катышты.

"Ректорубуз Кудайберди Гапаралиевич конференциянын пленардык кеңешмесинде академик М.С.Салахитдинов жана анын ишмердигине кеңири токтолуп баяндама жасады. ОшМУнун делегациясы конференциянын ишине активдүү катышып, докладдарын окушту жана илим-изилдөө иштеринин актуалдуу багыттары боюнча пикир алмашышты. Өзбекистан, Казахстан жана Россиялык окумуштуулар менен илимий-изилдөө багытында биргеликте иштөө келишимдерин талкуулашты",- дейт Ош МУнун профессору А.Сопуев.

Эскерте кетсек, ОшМУ учурда Өзбекстандын кырктай ЖОЖдору менен кызматташат

# Ж.Алибаевдин өнөрканасы ачылды

Искусство факультетинде Кыргыз республикасынын Эл артисти, белгилүү дастанчы, ырчы, обончу, композитор, акын, ОшМУнун профессору Жолболду Алибаев атындагы кааналын ачылыш аземи болду.

Саамалыкка ОшМУнун ректору Кудайберди Кожобеков баштаган структура жетекчилери, факультеттин жамааты катышып куттуктоо сөздөрүн айтышты.

"Сыймыктуу агайыбыз, профессор Жолболду Алибаевдин 75 жылдык маарекесин быйыл борбор калаада Улуттук филармонияда уюштуруп өткөргөнбүз. Аны улай агайга жаңы дем-күч берсин, факультетте чыгармачыл жаштарды тарбиялаганга, өзүнөн шакирттери менен ыңгайлуу иштегенге мүмкүнчүлүк түзү берип жатабыз",-деди ректор К.Кожобеков.

"Мен ушул ОшМУдан билим алдым, 25 жылдан бери ушул жерде эмгектенип жатам. Менин чыгармачылыгымдын өсүшүнө, ушул даражага жетишиме университеттин кошкон салымы абдан чон, университетке абдан ыраазымын",-деди залкар талант



Жолболду Алибаев.

Бул каана жеке сабактарды өткөнгө ыңгайлашкан эмеректер, музыкалык аспаптар менен толукталган. Анда Жолболду Алибаевдин эмгектери, сыйлыктары, чыгармачылыгына байланышкан колдонмо материалдары да коюлган.


# Scopus жана SciVal боюнча семинар

ОшМУ Кыргызстандагы жогорку окуу жайлардын консорциумунун провайдери катары окуу жайдын базасында «Elsevier» компаниясы менен биргеликте "Илимий долбоорлор жана басылмалар үчүн Scopus жана SciVal куралдарын кантип колдонуу керек" деген темада семинар-тренинг өттү.

Анда «Elsevier» компаниясынын Борбордук Азия жана Азербайжан боюнча консультанты Рабига Хожамкул катышуучуларга илимий долбоорлор жана басылмалар үчүн Scopus жана SciVal куралдары, издөө, авторлорду адилга жылдыруу, индекс Хиршасын жогорулатуу жана илимий башкаруу боюнча маалымат берди.

Тренингге ОшМУ, БатМУ, ЖАМУ, КӨЭУ, ОшТУ, ОшМПУнун китепкана, илим жана рейтинг бөлүмдөрүнүн кызматкерлери, IT адистери, профессордук-окутуучулук курамы катышты.

# ОшМУнун магистранты Азия чемпиону




Бириккен Араб Эмирлигинин Дубай шаарында алгачкы жолу 21.1 км аралыкка чуркоо боюнча жарым марафон командалык Азия чемпионатында Кыргызстандын кыздар курама командасы 1-орунду ээледи.

Команданын курамында ОшМУнун дене тарбия факультетинин магистранты Гулшаной Сатарова чуркады.

Магистрант Гүлшаной Сатарова спорттун жеңил атлетика түрү менен 20 жылдан бери машыгат. Ал эми 2020-2021-жылдардан тарта марафон, жарым марафон аралыгына даярданып, мелдештерге катышып келген. Ал айымдар арасында жеңил атлетика боюнча эл аралык спорт чебери наамын алган алгачкы жалгыз кыргыз спортчусу.

Азиянын эки жолку чемпиону, Эл аралык мелдештердин жеңүүчүсү, Азия оюндарынын жана Иранда өткөн жабык имараттагы Азия оюндарынын күмүш медалынын ээси.

Малайзияда өткөн жеңил атлетика турниринде 800 жана 1500 метрге чуркоодо 2 алтын медаль уткан. Гүлшаной Сатарова Кыргызстандын Олимпиада курамында машыгат.

# Санарип доорунда укуктук билим берүү

ОшМУнун юридика факультетинде "Юридикалык билим берүүнү жана илимди туруктуу өнүктүрүүгө өтүүдө санариптештирүүнүн ролу" деген темада эл аралык илимий-практикалык конференция өттү.

Конференцияны ачылыш аземине ОшМУнун илимий иштер боюнча проректор Руслан Арапбаев, Президенттин Ош облусундагы ыйгарым укуктуу өкүлү Элчибек Жантаев, Ош шаарынын вице-мэри Сонунбек Жунусбаев, Ош шаардык кеңешинин депутаты Болот Баетов, Ош шаардык юстиция башкармалыгынын башчысы Уларбек Жунусов, Ташкент мамлекеттик юридикалык университетинин доценти Серикбек Муратаевдер катышып, конференциянын темасынын актуалдуулугун белгилешти.

Онлайн режиминде конференцияга чет өлкөлүк университеттерден Бостон колледжинин (АКШ) доценти Э.Джоан Блум, Патрак университетинин профессору (Греция) Майкл Парусис, Орусиянын, Кыргызстандын ЖОЖдорунун окумуштуулары катышты.

КонференциядаКыргызстандагыюридикалыкбилим берүү жана илим тармагындагы санариптештирүүнүн актуалдуу маселелери талкууланып, баяндамалар жасалды.

# Кыргыз-Кытай борбору ачылды

ОшМУ Кытай Эл Республикасынын Борбордук улуттар университети менен биргеликте "Кыргыз-Кытай гуманитардык алмашуу борборун"ачты. Ачылуу аземине Борбордук улуттар университетинин ректору Цун Го Гуаншэн баштаган делегация катышты.

"Кыргыз-кытай гуманитардык алмашуу борборун" ачуу келишимине 2019-жылы Пекин шаарында кол коюлган. 2021-жылы Борбордук улуттар университетинде "Кыргыз-Кытай гуманитардык алмашуу борбору" ачылып, ишмердүүлүгүн жүргүзүп келе жатат.

Эки окуу жайдын базасында ачылган борборлордун жардамында келишимдерге ылайык студенттер ортосундагы академиялык мобилдүүлүк программасы, окутуучулардын квалификациясын жогорулатуу, эки окуу жайдын илимпоздору биргеликте илимий изилдөөлөрдү жүргүзүү, эки элдин классикалык чыгармаларын котоpуу долбоорлору ишке ашат.

Дидактика
ОшМУнун профессордук-окутуучулук курамынын илимий-педагогикалык, маалыматтык гезити

# QS глобалдык рейтинги көңүл борборунда болууга тийиш

Ош мамлекеттик университети замандан артта калбай алгачкылардан болуп билим берүү программаларын аккредитациядан өткөрүү жана рейтингдерге катышуу боюнча стратегиялык документтерин кабыл алган. Атап айтканда, 2018-жылы "ОшМУ классикалык университеттен – изилдөөчү инновациялык университетке карай" деген аталыштагы 2024-жылга чейинки өнүктүрүү концепциясын кабыл алган. 2021-2022-жылдагы дүйнөлүк пандемиялык кризистен кийин "Коом жана билим берүү" пилоттук долбоору университеттин потенциалын комплекстүү өнүктүрүү боюнча «жол карта» болуп саналган документ кабыл алынган.

2022-жылы Кыргыз Республикасынын Президентинин Жарлыгынын негизинде өлкөдөгү 5 окуу жайга өзгөчө макам берилди. Анын катарында Ош мамлекеттик университети дагы кирет. Ошондуктан, Окумуштуулар кеңеши тарабынан "Ош мамлекеттик университетинин 2023-2026-жылдарга туруктуу өнүгүү модели" стратегиялык программасы кабыл алынып, илимий-изилдөө багытындагы милдеттерин аткаруу боюнча деталдаштырылган индикатордукпланбекитилген.(2023-жылдын 10-февралындагы Админ.кеңеш). 2023-жылдын 18-сентябрындагы ОшМУнун Окумуштуулар кеңешинде № 1 протоколунун чечиминин негизинде "2023-2026-жылдарга Ош мамлекеттик университетинин стратегиялык приоритеттери" кабыл алынган. Бул документтердин негизги стратегиялык максаты – ОшМУну дүйнөдөгү алдыңкы университеттердин рейтингине киргизүү болуп саналат.

## Глобалдык жана улуттук рейтинг

Акыркы 10-20 жыл аралыгында дүйнөлүк деңгээлдеги университеттердин беделин аныктоо боюнча объективдүү баалоо методдору пайда болду. Бул рейтингдер университеттерден жана көз карандысыз булактардан алынган объективдүү жана субъективдү маалыматтардын негизинде түзүлөт. Азыркы учурдагы актуалдуу болгон университеттердин глобалдык рейтингдери:

- ARWU (Academic Ranking of World Universities) – Шанхай рейтинги;
- QS (Quacguarelli Symons)
- THE (Times Higher Education – Thomson Reuters)
- HEEACT (Higher Education Evaluation and Accreditation Council of Taiwan)
- Webometrics ж.б.

Мындан сырткары, ар бир өлкөнүн өзүнө тиешелүү университеттердин улуттук рейтингдери аныкталат. QS глобалдык рейтингинин критерийлери (Quacguarelli Symons) QS глобалдык жана регионалдык рейтингдердин критерийлери (Quacguarelli Symons) жана Илим изилдөө ишмердүүлүгүнө байланыштуу критерийлер "Дидактика" гезитинин 2022-жылдагы №5 санына кеңири жарыяланган.

## Scopustyн ОшМУдагы тарыхы

QS глобалдык рейтингинде илим изилдөө ишмердүүлүгүнө байланыштуу критерийлери Scopus эл аралык илимий-метрикалык маалыматтар базасындагы көрсөткүчтөр аркылуу эсептелгендиктен, бул базага жазылууну сатып алуу боюнча аракеттер ОшМУда 2019-жылы башталган.

Дүйнөлүк масштабдагы басылмалар менен кызматташуу үчүн ОшМУга Орто Азия жана Азербайжан «Elsevier» эл аралык маалыматтар базасынын ошол учурдагы аймактык директору Алия Оспанова жана Орто Азия жана Россия боюнча илимий изилдөө чечимдери боюнча багыттын жетекчиси Дмитрий Султанов профессордук-окутуучулук курам менен жолугуп, «Кыргызстандын университеттерин атаандаштыкка туруктуулугун жогорулатуу жана алардын эл аралык рейтингдерге» деген темада семинар уюштурган.

Семинарда илимий макалаларды туура жазуу, адабияттардын шилтемелеринин ири бирдиктүү «Scopus» маалымат базасы менен иштөө боюнча маалыматтарды берилген. Ошондой эле университеттин дүйнөлүк рейтингке кирүүсү үчүн аткарылуучу иштер, «Elsevier» эл аралык маалыматтар базасынын катталуунун жолдору, «Scopus» маалымат базасы боюнча кеңири түшүнүк берилген.

«Эльзевир» («Elsevier») – ири компания, бир жылдык илимий, техникалык, медициналык маалыматтардын илимий камсыздоо 9,5 млрд АКШ долларын түзөт. Компаниянын дүйнө боюнча 70 кеңсеси болсо, анда эмгектенген кызматкерлердин саны 7000 кишини түзөт. 180 өлкөдө 30 миллион кардары болсо, анын 18 миңи илимий-маалыматтык чөйрө болуп саналат.

## Scopus базасына ачылган эшик

2022-жылдын 21-декабрында Билим берүү жана илим министринин орун басары Расул АбазбекуулунунжетекчилигиалдындаКыргыз Республикасынын жогорку окуу жайларынын ортосунда эл аралык илимий-метрикалык маалыматтар базасына жазылууну сатып алуу үчүн консорциум түзүүгө Макулдашылган. Консорциумга Кыргызстандын 15 жогорку окуу жайы менен бирге Ош мамлекеттик университети да кирген. Аталган келишимдин негизинде жогорку окуу жайлары төмөндөгү индекстелүүчү маалымат базасын колдонууга мүмкүнчүлүк алат:

- 25 миңден ашуун рецензияланган илимий-техникалык жана медициналык журналдарга (7000ден ашуун эл аралык басмаканалар тарабынан чыгарылат);
- 200 миңден ашуун китеп;
- конференциялардын материалдарынын кеминде 10 миллион басылмаларына;
- 5 патенттик ведомстводон кеминде 45 млн патентке;
- 20 миңден ашуун методикалык маалыматтарды экспорттоо мүмкүнчүлүгүнө;
- атрибуттары бар толук жана ар тараптуу автордук профилдер: цитаталар, документтер, дүйнө жүзүндөгү бардык активдүү изилдөөчүлөр үчүн авторлоштор;
- күн сайын жаңыланган маалымат базасына.

2023-жылдын 8-сентябрында Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинде "Elsevier" эл аралык илимий-изилдөөчүлүгүнө жазылууну сатып алуу боюнча консорциумга кирген ЖОЖдорунун ректорлорунун жыйыны болуп, анда "Elsevier" менен Кыргызстандагы ЖОЖдордун консорциумунун провайдери катары Ош мамлекеттик университетинин ортосунда меморандумга кол коюлган. «Elsevier» эл аралык маалыматтар базасынын Борбордук Азия жана Азербайжан боюнча аймактык башчысы Дамир Рахметов катышуучуларга тренинг өтүп, Борбор Азия жана Азербайжан боюнча консультанты Рабига Хожамкул, Борбордук Азия жана Россиядагы Elsevier компаниясынын аналитикалык чечимдер боюнча консультанты Кирилл Иванов окутуучулар үчүн вебинар өткөрүшкөн.

Учурда, консорциумга кирген окуу жайлардын илимпоздору Scopus эл аралык илимий-метрикалык маалыматтар базасынын толук версиясын кеңири колдоно алышат.

## Деталдаштырылган индикатордук план

"ОшМУнун 2023-2026-жылдарга туруктуу өнүгүү модели" стратегиялык программасындагы илимий-изилдөө багытындагы милдеттерди аткаруу боюнча деталдаштырылган индикатордук планга ылайык, ОшМУнун жалпы профессордук-окутуучулук курамына-1800, илимдин доктору - 78, илимдин кандидаты - 417, сапаттык көрсөткүч - 30% баштапкы көрсөткүчтөрү менен 3 жылдын ичинде илимдин докторлору 3төн, илимдин кандидаттары/докторанттар 2ден жана илимий даражасыз окутуучулар/аспиранттар 1ден кем эмес Scopus базасында индекстелген басылма (макала, конференциянын материалы же китептердин разделдери) жарыяланат деген индикатор кабыл алынган. Мындан сырткары, Scopus базасында индекстелген квартили Q3 жана андан жогору болгон журналдарда жарыяланган басылмалардын санын 3 жылдын ичинде 51% га жеткирүү жана Scopus базасында индекстелип жарыяланган басылмаларга болгон цитирлөөнүнүн санына 3 эсе көбөйтүүгө алып келген иш-аракеттерди аткаруу боюнча талаптар коюлган.

Индикатордук пландын 2023-жылда аткарылышы боюнча жарым жылдык мониторнгине көз сала турган болсок, жарым жылдын ичинде жалпы 59 илимий эмгек жарык көргөн, анын ичинен Q1 – 5; Q2 – 8: Булардын ичинен төмөнкү 33 автор 2 ден ашык илимий эмгекте автор катары көрсөтүлгөн:

1. Yusupov, F.A. - (10)
2. Murkamilov, I.T. - (8)
3. Fomin, V.V. - (9)
4. Istamov, K. - (5)
5. Murkamilova, Z.A. - (5)
6. Sabirov, I.S. - (5)
7. Goncharova, O. - (4)
8. Siddiqui, M.F. - (4)
9. Aitbaev, K.A. - (4)
10. Kudaibergenova, I.O. - (3)
11. Kulueva, C.R. - (4)
12. Kyrbashov, B. - (3)
13. Maanaev, T.I. - (3)
14. Madmarova, G.A. – (3)
15. Sabirova, A.I. - (3)
16. Zhusubaliyev, Z.T. - (3)
17. Abylov, K.T. – (2)
18. Alam, A. - (2)
19. Amiraliev, S.M. - (2)
20. Avrutin, V. - (2)
21. Kadyrov, M. - (2)
22. Kuznetsova, Y. - (2)
23. Osmonalieva, D.A. – (2)
24. Sabiralieva, Z.M. –(2)
25. Rayimberdieva, Z.K. –(2)
26. Sakmamatov, K. - (2)
27. Satyvaldiev, M.E. –(2)
28. Shauer, D. - (2)
29. Tashbaev, A.M. –(2)
30. Tripathy, J.P. - (2)
31. Umurzakov, S.E. - (2)
32. Yusupova, T.F. –(2)
33. Zulpukarov, K.Z.- (2)

## Илимий эмгектер төмөнкү 16 багыт боюнча жарыкка чыккан:

1. Medicine - (20)
2. Environmental Science - (23)
3. Energy - (22)
4. Biochemistry, Genetics and Molecular Biology - (5)
5. Earth and Planetary Sciences - (5)
6. Immunology and Microbiology - (5)
7. Computer Science - (4)
8. Engineering - (18)
9. Mathematics - (3)
10. Decision Sciences - (2)
11. Economics, Econometrics and Finance - (2)
12. Physics and Astronomy - (3)
13. Social Sciences - (2)
14. Chemistry - (1)
15. Multidisciplinary - (1)
16. Nursing (1)

Илимий эмгектердин түрлөрү боюнча:

- Article - (24);
- Book Chapter - (23);
- Conference Paper - (9);
- Review - (3).

Жарыяланган тили: English - (48), Russian-(11).

## Талаптар күчөтүлдү

Аспиранттардын Scopus, Web of Science системаларында жалпысынан 2019-2023-жылдары 77 илимий макалалары жарыкка чыккан. Анын ичинен быйылкы жарым жылдыкта 43 макала берилип, алардын 12си жарыкка чыккан. Учурда 83 макала Scopuska даярдалууда.

Ал эми кафедралар боюнча 2023-жылдын биринчи жарым жылдыгында 76 макала басмага берилип, алардын 66сы жарыкка чыккан. Учурда дагы 39 макала басмага тапшырууга даярдалууда.

Тилекке каршы, көпчүлүк факультеттерде мониторинг толук эмес, формалдуу түрдө жүргөн, айрым факультеттерде такыр эле жүргөн эмес. Бул багытта QS рейтинг критерийлеринин негизинде аткарылып жаткан иштердин абалы Окумуштуулар кеңешинин 16-октябрдагы №2 жыйынында каралып, Чечим кабыл алынды. Анда QS рейтинг критерийлеринин негизинде аткарылып жаткан иштердин абалы жөнүндө Р.Арапбаевдин маалыматы эске алынып, деталдаштырылган индикатордук пландагы илимий-метрикалык көрсөткүчтөр боюнча жарым жылдык мониторинг тиешелүү факультеттерде жана кафедраларда тыкыр анализдениши керектиги белгиленди. Эч бир иш-аракет аткарбаган жетекчилерге административдик чара көрүү жөнүндө ректорго сунуш берүү ОшМУнун илим жана инновация бөлүмүнүн башчысы Н.Курбанбаевага жүктөлдү.

Илимий макалаларды Scopus илимий-метрикалык базасына кирген журналдарга чыгарууну мотивациялоо механизмдерин сунуштоо милдети илим-изилдөө жана пландоо-финансылык бөлүмдөрүнө тапшырылды. Бул багытта аткарылган иштердин жыйынтыгына биздин редакция да көз салып турмакчы.

**Т.Алдакулов, редактор**

**ОшМУнун ректору, профессор К.Кожобеков:**

# “Эл аралык кызматташуу - жаңы бийиктикке өбөлгө”

Ош мамлекеттик университети “Өзгөчө макамга” ээ болгондон тартып эл аралык чөйрөгө интеграция жасоого өзгөчө басым жасоодо. Университеттин ректору Кудайберди Кожобеков баштаган делегация жакынкы күндөрдө Польша жана Түркия мамлекеттеринде өнөктөш университеттер менен кызматташуу багытында атайын иш сапарда болуп келди. Иш сапардын алкагында кабыл алынган чечимдер жана кызматташуу долбоорлору боюнча ректор Кудайберди Гапаралиевичти кепке тарттык.

***- Кудайберди Гапаралиевич, алгач Польшадагы Быдгощ экономикалык университетине болгон иш сапарыныз тууралуу айтып берсениз, бул өлкө ОшМУнун делегациясын кандай кабыл алды?***

- Ракмат, бир жыл мурун дүйнөлүк ректорлордун форуму Кыргызстанда өткөн. Ошол форумда биз Польшанын Быдгощ шаарындагы Быдгощ экономикалык университетинин президенти менен бир топ маселелердин үстүндө пикир алышканбыз. Жолугушуудан кийин Быдгощ экономикалык университети менен Ош мамлекетик университетинин ортосунда долбоор жазылган. Ошол долбоордун алкагында атайын чакыруу менен иш сапарда болуп келдик. Чакырган тарап, тагыраак айтканда, университеттин жетекчилиги жана Быдгощ шаарынын мэриясы бизди абдан жылуу кабыл алды. Ош мамлекеттик университети Быдгощ экономикалык университетинин Кыргызстандагы жалгыз өнөктөш университети. Андыктан, алар биз менен бир топ багытта иштешип, кызматташууга кызыктар экенин билдиришти.

***- Польша университетинен үйрөнө турган жактар көп болсо керек?***

- Быдгощ шаары калкынын саны, шаардын табияты боюнча да Ош шаарына окшош экен. Бул университет да биздин окуу жай сыяктуу дүйнөлүк рейтингге кирүүгө, 4-муундагы университетке айланууга бел байлаган, конкреттүү иш-аракеттерди аткарып жаткан окуу жайлардын бири. Биз аны жеринен көрүп, таанышып келдик. Буга мисал катары окуу жай шаар менен биргеликте Евросоюздун долбоору аркылуу шаардын тазалыгын камсыздоо маселесинде долбоор жазышыптыр. Долбоордун негизинде таштандыны кайра иштетүүчү фабрика курулуп, ошол фабрикага элден чыккан таштандынын баарын сатып алып, аларды кайра иштетип, аны электр энергияга, жылуулукка айландырып, кайра эле ошол шаарды камсыздап жатышат экен. Таштандыны кайра иштетүүдө эң акыркы кайра иштелип чыккан таштандынын иштелмеси менен жолдорду асфальттап жатышат. Бул жерде шаардык мэрия, университеттин илимий патенциалы кошулуп биргеликте долбоорлорду жазуу аракеттерин көрүшөт. Экинчиден электр энергиянын альтернативасы катары күндүн энергиясын бардык жерде пайдаланышат. Андан сырткары ошол эле университеттин шаар менен биргеликте курган чоң бассейни бар экен. Ал бассейнди университет иштетип, анда колдонулган энергия, сууну тазалоо системалары, бардыгы өздөрү ойлоп таап, жасап чыккан технологиялар, методикалар менен иштеп чыгарылган. Мында жашыл экономика, өзүн-өзү каржылаган арзан энергия дегендей принциптери менен туруктуу өнүгүүнүн критерийлеринин баары бирдиктүү сакталат экен. Биз көрүп, суктанып, үйрөнүп келген иш аракеттерди университет да, мэрия да баарын дээрлик Евросоюздун долбоорлорунун алкагында жасап жатышат. Университеттин бюджетинин 80% ошол долбоорлордон түшкөн каражат түзөт.

***- Демек шаардын социалдык, чарбалык маселелерин чечүүгө университет активдүү катышат турбайбы?***

- Ооба, шаар менен биргеликте шаардын суусун толугу менен скважина аркылуу чыгарып, аны тазалап, шаарга жеткирүү боюнча да чоң долбоору бар экен. Долбоор университеттин окумуштуулары жана шаар



бийлиги менен биргеликте жазылган.

Дагы бир долбоор ошол эле шаарда пайдаланылып, пайдалануудан чыгып калган 16 гектар жерди, университет долбоор жазып утуп алышкан. Университет ал жерди кайрадан жууп-тазалап, чөп өстүрүп коюшуптур.

Мен токтолгон нерселер булар чоң-чоң долбоорлор, ал эми университеттин ичиндеги жөнөкөй долбоорлор абдан көп. Биз да өзүбүздүн өндүрүштү өнүктүрүүнүн үстүндө иштерди баштаганбыз. Быдгощ университетинин өзү жасаган буюмдары, басмаканасы мыкты деңгээлде өнүгүптүр. Окуу имаратынын чатырында бал аарыларды кармаган аянтчасы абдан кызыктуу болду. Ал жерде өздөрүнөн чыккан балдардын бир нече түрлөрүн көргөзмөгө коюп коюптур. Университеттин балынан биз да даам татып көрдүк. Коноктор үчүн бул абдан жагымдуу маанай тартуулайт экен.

***- Агай, демек алар ЖОЖ-ИЛИМ-ӨНДҮРҮШ-КОММЕРЦИАЛИЗАЦИЯ деген 4-муундагы ЖОЖдун моделин ишке ашырып аткан турбайбы. Биздин ОшМУда да бул долбоорлорду ишке ашырса болот бекен?***

- Кайсы өнүккөн окуу жайга барбайлы, ал жердеги жаңылыктарды өзүбүздүн университетте ишке ашуунун жолун издейбиз. Мага Быдгощ университетинин кызматкерлерге койгон талабы кызыктуу болду. Мисалы, кызматкердин жок дегенде эки-үч чет тилин билүүсү, долбоор жазуу жөндөмү, бир жылда жок дегенде бир же эки чет өлкөлүк өнөктөш университеттен тажрыйба алмашуусу, идеяларга ачык жана демилгелүү болушу негизги талаптардан болуп саналат. Ушундай кызматкерлер чогулган жерде албетте жогоруда айтылган долбоорлор ишке ашат да. Бул багытта долбоор жазуу боюнча биздин окуу жайдын кызматкерлерине онлайн тренингдерди өтүү пландалды. Иш сапардан келгенден бери бир топ жетекчилерге тиешелүү тапшырмаларды бердим. Буюрса, бул багытта бизде да жумуштар башталды.

***- Жолугушууда илимий багытта кызматташтыктар тууралуу да сүйлөшүүлөр орун алдыбы?***

- Албетте, илимий багыттагы кызматташтыктар, эл аралык журналдарга макалаларды чыгаруу сыяктуу маселелер боюнча бардык тараптан кызматташа турган болдук. Бул кызматташтык эл аралык деңгээлдеги беделибиздин жогорулашына таасирин тийгизет. Негизинен иш сапарыбыз абдан жемиштүү болду. Коомчулукка пайдалуу долбоорлорду биз жок дегенде университеттин деңгээлинде аткара берели. Мисалы, өзүбүздөн чыккан таштандыны кайра





Дидактика
ОшМУнун профессордук-окутуучулук курамынын илимий-педагогикалык, маалыматтык гезити




иштетүү аркылуу биз жалпы коомчулукка үлгү боло алабыз, биз ошол иштерди жасасак анан калгандар бизге кошулуп аракеттер башталат. Ушундай идеяларды жергиликтүү бийлик өкүлдөрүнө айтып, биргеликте ишке ашырсак деген жакшы ой, идеялар менен келдик.

***- Жогоруда сиз 4 багыт боюнча чоң долбоорлорду айттыныз. Алар Ош шаарында дагы актуалдуу долбоорлордон экен. Ошол долбоорлорду ишке ашыруу менен университет киреше таба алабы?***

- Биз долбоорду ишке ашырууда ички ресурстар менен гана чектеле берет экенбиз. Ал эми аларда (Быдгощ университети) мамлекеттик органдары баш болуп Евросоюзга долбоор жазып, утуп алган гранты менен ири ишканаларды иштетип атыптыр. Мисалы, жогоруда айткан бассейндин 60%ын Евросоюз, 30%ын мэрия, 10 %ын университет каршылаптыр. Бирок, бассейнди 100% университет иштетип, пайдасын да университет өзү көрүп атыптыр. Демек биз да эл аралык, мамлекеттик, же жеке менчик ишканалар менен бирге долбоорлорду ишке ашырып, жакшы киреше тапсак болот экен. Азыр дүйнөлүк донор уюмдар экология, туруктуу өнүгүү талаптарына шайкеш келген долбоорлорду жакшы колдоп атышат. Биз да ал критерийлерди эске алып долбоорлорду жаза турган болсок, ал долбоорубузду сөзсүз колдоп беришет. Алардын айтымында, 100 долбоор жазылса, анын ону эле ийгиликтүү ишке ашса, бул чоң жетишкендик болот экен. Ушундай талыкпаган аракеттин натыйжасында Быдгощ университети кирешенин 80%ын долбоорлордон таап атыптыр. Биз да буюрса бул багытта ишти күчөтөбүз.

***- Ош мамлекеттик университети медицина тармагына өзгөчө көңүл буруп аткан учуру, Быдгощ экономикалык университети менен бул багытта да кызматташуулар болобу?***

- Быдгощ экономикалык университети да биздин окуу жай сыяктуу бардык багыт боюнча билим берген окуу жай экен. Жолугушууда шаарда медициналык клиника куруп жаткандыгыбыз жөнүндө сөз болгондон кийин бизди өздөрүнүн медициналык факультетине, медициналык лабораторияларына алып барып көрсөтүп, медицина багытында өздөрү иштешип жаткан партнерлор менен жолуктурду. Ал өнөктөш компаниялар эгер сиздер клиника куруп жатсаныздар, биз анын ичинде ушул багытта кызматташууга даярбыз деп өздөрүнүн бир топ сунуштарын айтышты. Мисалы, алардын бири дүйнөдө белгилүү болуп жаткан хирургиялык операцияларды жасоочу робот Да Винчи менен иш алып барган компания экен. Биз үчүн алардын сунуштары абдан кызыктуу болду. Буюрса, жаңы курулуп аткан клиникабызда медицинадагы алдыңкы тажрыйбаларды ишке ашырабыз.

***- Сапардын жүрүшүндө Түркиянын Памуккале университетинин ислам илимдер институту менен ОшМУнун теология факультети тарабынан уюштурулган эл аралык Сарахси симпозиумуна да катышып келдиңиз, ушул тууралуу да айтсаңыз?***

- Өзүңүз билгендей, «Өзгөн-Мунара» этно-фольклордук фестивалынын алкагында ОшМУда дин аалымы Имам Сарахсиге арналган конференция өткөн. Конференцияда Имам Сарахсинин эмгектерин которгон аалым, профессор Сыдык Акшит, Имам Сарахси эл аралык фондунун президенти Мехмет Акшит, Евразия жазуучулар союзунун президенти Якуб Омароглы өзүнүн илим жолунда басып өткөн жолу, тажрыйбалары менен бөлүшкөн. Мындан сырткары Имам Сарахси атындагы фонд менен Ош мамлекеттик университетинин теология факультети жакындан кызматташуу багытында сөз болуп, магистратура, PhD-докторантурага студенттерди жиберүү, Имам Сарахсинин эмгектерин которуу, таанытуу иш-чаралары боюнча макулдашуулар болгон. Ошол макулдашуунун алкагында Памуккале университетинде өткөн конференцияга барып катыштык. Иш чарага мамлекеттик деңгээлдеги жетекчилер, Памуккале шаарынын мэри, облусунун губернатору, Маданият, Дин министрлери катышып, жогорку денгээлде өттү.

***- Демек, кызматташуу келишими бар турбайбы?***

- Ооба, аталган университет менен ОшМУ келишимдерге кол койгонбуз. Аталган келишимдерге ылайык биздин 15 студент учурда Памуккале университетинде академиялык мобилдүүлүк багытында билим алып жатышат. Алардын экөөсү магистратурада, 13 бакалавриатта билим алууда. Студенттерибизге окуу жай тарабынан түзүлгөн шарттар менен жакындан таанышып, пикир алыштык. Ректору менен болгон сүйлөшүүлөрдөн соң кийинки жылы Памуккале университети ОшМУнун 30 студентин академиялык мобилдүүлүккө кабыл алыша турган болушту.

***- Конференцияда сиздин купулуңузга толгон көрүнүштөрдү эстей кетсеңиз?***

- Кыргыз-Түрк симпозиумунун алкагында биздин боз үй тигилип, студенттерибизге кыргыздын улуттук кийимдерин кийиптип коюптур. Мүмкүн болушунча кыргыз маданиятын чагылдырууга көңүл бурулуптур. Бул бизге абдан жагымдуу маанай калтырды. Экинчиден, конференция жогорку деңгээлде өткөндүктөн ОшМУ тууралуу Түркиянын башка университеттерине да маалыматтар берилди. Бул да биздин академиялык репутациябызга чоң таасирин тийгизет деп ишенемин.

***- Кызматташууну кеңейтүү багытында сүйлөшүүлөр болдубу?***

- Ооба, Памуккале университети классикалык университет болгондуктан, бир гана теология багытында эмес башка багытта да кызматташууларды кеңейтүүнүн үстүндө сүйлөштүк. Аларда да жогорку деңгээлдеги медицина факультети бар, биз бул багытта кызматташууну сүйлөштөк. Башкача айтканда Түркиядагы Паккумаке университети менен кызматташтыктарыбыз дагы бир баскычка жогорулады десек болот. Ошол эле Имам Серахсинин кийинки конференциясы Сарахси эл аралык фондунун каржылоосу менен ОшМУда өтө турган болду.

***- Жанатан бери Имам Сарахси тууралуу айтып атабыз, бул адам ким болгон?***

- Имам Сарахси ислам дүйнөсүндө ысмы белгилүү дин аалымы болгон. Тарыхый маалыматтарга караганда, 1073-1087-жылдары Өзгөндөгү бир зынданда жатып, зындандын үстүндө турган шакирттерине ислам дининин мыйзамдарын айтып берген. Шакирттери кагазга түшүрүп, «Мабсут» аттуу 30 томдук болуп басмадан чыгарылган. Түрк боордошторубуздун колдоосу менен Имам Сарахсинин күмбөзү делген жер Өзгөн шаарында толугу менен жаңыланып, жанына Имам Сарахси атындагы мечит жана Ислам изилдөө борбору курулду. Бул борборду иштетүүдө албетте биздин теология факультетибиздин окумуштууларынын салымы болот.

***- Кудайберди Гапаралиевич, чет өлкөлөргө иш сапарыңыз жемиштүү болгон экен, буюрса бул багытта кызматташунун жыйынтыгын биз качан сезип баштайбыз?***

- Университеттин ректору катары менин негизги жумуштарымдын бири - университеттин сырткы байланыштарын кеңейтүү болуп саналат. Буга чейин чет өлкөгө барганда ошол жердеги университеттердин эшигин каккылап, кызматташуу ниетибизди билдирчүбүз. Акыркы мезгилде эл аралык иш чараларга барганыбызда чет элдик ректорлор өздөрү келип, Ош мамлекеттик университети менен кызматташуу ниети бар экенин айтып атышат. Бул биз үчүн абдан жакшы жетишкендик деп айтсам болот. Демек, чет өлкөдө да биздин окуу жай жөнүндө жакшы пикирлер жаралып атыптыр. Бул биздин жалпы жамааттын жасап жаткан иш-аракеттеринин натыйжасы.

Жалпы көз карандысыз эл аралык, регионалдык рейтингдерде бир топ жылдан бери биринчи орунду камсыздап, бүгүнкү күндө бир эле Республикада эмес, Орто Азиядагы эң чоң университет катары өзүбүздүн ордубузду таптык деп айтсам болот. Ийгиликтин, өнүгүүнүн эч качан чеги болбойт. Ар бир сыртка чыккан сайын өнүгүүнүн жаңы багыттарын көрүп келип, аны иргеп, эң мыктыларын сиңирип, ишке ашырып, алдыга карап жыла беришибиз керек. Аларды аткарууга, жасоого университеттин толук мүмкүнчүлүгү, потенциалы бар.

***- Маегиңизге ыраазычылык билдиребиз. Ийгилик коштосун.***

**Маектешкен:**

**Тургунбай Алдакулов, редактор**





Дидактика
ОшМУнун профессордук-окутуучулук курамынын илимий-педагогикалык, маалыматтык гезити



# Жаңыралы! Жаңырталы!

Мугалимдердин квалификациясын жогорулатуу боюнча коомчулукта кызуу талкуу жүрүүдө. Талас Билим берүү усулдук борборунун директору Салтанат Бейшенова өзүнүн фейсбук социалдык баракчасы аркылуу 3 суроо коюп, сурамжылоо жүргүзгөндө, 84 мугалимден, алардын ичинде элибизге белгилүү агартуучулардан көз караштар жазылган.



### Сурамжылоодо төмөнкүдөй үч суроо коюлган:

**1. Квалификацияны жогорулатуу боюнча азыркы абалга көз карашыңыз кандай?**

**2. Квалификациянын жогорулатууну кандай өзгөрүшүн каалайсыз?**

**3. Квалификацияны жогорулатууда эмнеге көңүл буруш керек?**

### Куштарбек Кимсанов, педагогика илимдеринин кандидаты:

- Квалификацияны жогорулатуу деген азыркы абалда болбошу керек! Жаңылануу жок, жаңы технологияларды пайдалануу жок. Эскиден калган адаттар боюнча гана катышуучулар келишет, канааттанып кетүү жокко эсе.

Бул кадам абдан керек, бирок жаңы нук таппаса пайдасынан зыяны көп болууда.

Бул багытта жеке менчик институттар ачылмай сайын мамлекеттик институттар эч качан жакшы көрсөткүч болуп бере албайт.

Квалификацияны жогорулатуу үчүн жыл сайын кошумча каражат берилип турушу зарыл.

Угуучуадистергекаалаганинституттарынан квалификациясын жогорулатууга уруксат берилип, анын сертификатын иштеген мекемеси таанып, мекеме тарабынан бөлүнгөн курска деген каражат жеке менчик билим мекемесине которулушуна макул болуп турбаса, жакынкы 10 жылда бул тармак тирүүнүн өлүгү бойдон калат!

### Дүйшөн Шаматов, Астана шаары, Назарбаев университетинин профессору:

- Казакстандын Орлеу сайтын карап көрсөңүз. Алар дүйнөлүк практикага таянып, анан изилдөөгө таянып иштеп жүрүшөт. Баса, мен да докторлук диссертациямдын негизинде алар сунуштарымды угуп, “Вхождение в профессию” деп, азыр жаш мугалимдер үчүн мыкты колдоо системасын киргизип жатышат.

### Асылкан Маматова, ОшМУнун окутуучусу:

- Бүгүнкү күндө ар бир мугалим өзүн өнүктүрүүгө өзү кызыгып, өзү аракеттениши керек. Анткени кайсы багытта кошумча билим зарыл болуп жаткандыгы өзүнө маалым. Аны аныктабай туруп эле, жарыяланган курстарга катышып жатышат.

Ар бир ишке системалуу мамиле жасаганда, натыйжага жетүүгө болот. Алгач мугалимдер жалпы мектептик жана предметтик билим берүү стандарттарынын негизинде сабакты туура пландаштырууну өздөштүрүшү зарыл. Эгер бул багытта сабакты пландаштыруудан кыйналса, ушул багытта курстарга катышса болот. Андан кийин аны ишке ашыруу үчүн окутуу технологиялары, дифференциалдык тапшырмалар, баалоо технологиялары боюнча билгичтиктерге ээ болууну пландаштырса болот.

Бул багыттагы курстардын окутуу натыйжаларын карап көрүп, анын убактысына да көңүл буруу зарыл. Кыска убакытта бир нече программаны камтып алгандар да болуп жатат. Өз билимдерин өркүндөтүүдө мугалимдер ушул маселелерди эске алышы керек деп ойлойм.

### Динара Тороева, Лейлек району, мугалим:

- Квалификацияны жогорулатуу бул ар бир инсан өз билимин өркүндөтүү, өзүнүн үстүнөн иштөө, изденүү болуп саналат. Мен ОББсы катары 2009-2020-окуу жылдары КАОдон өткөм. Ошол жылдардагы агымга ылайык толук кандуу маалымат алганбыз. Албетте ушул убакка чейин көптөгөн курстардан онлайн, офлайн форматта окуп, билим алып келүүдөбүз. Бирок азыркы заман талабына ылайык окутуунун ыкмасына бир топ өзгөртүүлөрдү киргизүү абзел. Себеби техниканын өнүккөн учуру. Офлайн окутулса жугумдураак болот деген ойдомун.

### Акмарал Халилова, Кызыл-Кыя шаары, мугалим:

- Мугалимдердин квалификациясын жогорулатуу боюнча өзгөртүү киргизүү зарыл. Мисалы, мен квалификациямды үч жыл мурун университеттен жогорулаттым. Мектеп менен жогорку окуу жайдын айырмасы бар да. Муну сөзсүз эске алыш керек. Экинчиден, бир гана өзүбүз окуткан предметтин усулдарын үйрөнбөстөн, эң биринчи инсанга же мугалимге тиешелүү болгон адеп ахлак, адамгерчилик, мугалимдик сапаттар жана туура мамиле куруу тууралуу да сабактар камтылса жакшы болмок. Азыркы күндө окуучу менен тил табыша албай жаткан мугалимдер жок эмес. Буюрса, бардык пикирлер эске алынып, жакшы бир программа иштелип чыгат деген үмүттөмүн.

### Сулайман Рысбаев, балдар жазуучусу, профессор:

- Бүгүнкү күндө мугалимдердин билимин жогорулатуу методологиялык да, методикалык да, мазмундук да жактан өзгөрүшү керек. Анткени мугалим күн санап өзгөрүп турбаса, заманга жараша өзгөрүп бараткан балага билим-тарбия бере албайт. Эски технологиялар, курулай модалуу формалар эч нерсеге арзыбайт. Азыр биз формага азгырылып, кызыгып баратабыз. Мазмунду жана технологияны жанылашыбыз керек. Курулай алган сертификаттар мугалимге билим бербейт. Эч нерсеге арзыбаган портфольелерди таштайлы. Жалган сертификаттарды берип, билим жогорулаткан тренингдер каякка алып барат, белгисиз. Көңүлдү курулай көтөргөн ардак грамоталарды, дипломдорду берип, жалган сертификаттарды, акчага саткан сертификаттарды токтотсок жакшы болмок. Илим менен байланышы жок, эски папкалардагы эски лекцияларды биротоло унуталы. Жаңыралы! Жаңырталы! Мугалим күн сайын жаныланбаса, мезгилден артта калат. Анда ал мезгилинин мугалими болбой калат. Ошон үчүн билимди жогорулатууну илимий негизде жүргүзүү керек. Ал мугалим үчүн гана эмес, өлкө үчүн, улут үчүн, улуттун баласынын тагдыры үчүн, керек!

### Кундуз Арапова, Ош шаары, мугалим:

Өз билимин өркүндөтүүнү ар бир мугалим өзү колго алуу керек. Экинчиден, РИППК, КАО, Областтык билим берүү инстититуттары тарабынан өткөрүлүп жаткан кыска мөөнөттүү дасыгуунун программасын, лекциялардын тибин, темасын алмаштыруу керек. Үчүнчүдөн, жогорудагы мекемелер берген сертификат 5 жылга чейин жарактуу. Эми караңыз өз билимин өркүндөтөм деген окутуучу 5 жыл ошол усулдар менен сабак өтө береби? Квалификацияны жогорулатууну "Агып турган суу менен токтоп турган сууга салыштырса болот". Төртүнчүдөн, азыркы күндүн талабы окуучунун функционалдык сабаттуулугу. Мисалы, дарыгерлердин практикасын карасак, азыр сыркоолоп поликлиникага барсаң, бир эле үй-бүлөлүк дарыгер карайт. Ошол сыяктуу мугалим да бир эле өзүнүн предметин эмес, комплекстүү бардык предметтерди жетиштүү деңгээлде өздөштүрүшү шарт. Мугалим ар 5 жылды күтпөй мүмкүнчүлүгүнө жараша квартал сайын, же жыл сайын билимин өркүндөтүп туруу керек. Ар бир область, район мотиватор, фасилитатор, тренер өз билимин ар тараптан өнүктүргөн (чет өлкөдөн онлайн/офлайн), институттардан, жеке жактардан окуган мугалимдерден топ түзүп, алар башка мугалимдер менен тажрыйба алмашса. Мисалы, Талас Ошко, Ош Нарынга ж.б. дегендей. Ошондой эле чет өлкөнүн эле тажрыйбасына таяна бербестен этнопедагогика менен айкалыштырып, заман талабына шайкеш келген билим берүү системасын курушубуз керек.

### Кенже Насекова, Талас шаары, мугалим:

Азыркы билимин жогорулатуу курстары көп жана ар тараптуу. Бирок, сабак өтүп жаткандар даяр материалды окуп беришет. Ал сөздөрү слайддан деле көрүнүп турат. Материалдарында кээ бир тапшырмалар түшүнүксүз. Менимче, материалдарды даярдоодо жалпак тил менен же болбосо мектептеги биз окутуп жаткан программалар менен байланыштырып даярдаса жакшы болмок. Чынын айтсам, кээде кызыксыз, жеткиликсиз өтүлөт. Жогоруда бир мугалим айтып кеткендей мектепте ар бир предметтен мыкты делген мугалимдер да келип өзүнүн жакшы тажрыйбаларын бөлүшүп, сабак өтүп берсе, кечке эле слайд көрсөтүп убакытты өткөзбөй, ошол мыкты мугалимдер менен маңдай- тескей отуруп, кенен форматта баарлашуу болсо да жакшы болмок.

### Айнура Иманбердиева, Бакай-Ата району, мугалим:

Менин квалификацияны жогорулатуу курстарына көз карашым эң сонун! Быйыл көп окуулар болду. Аябай кызыктуу, заманбап ыкмалар менен тааныштым. Негизи окуулар онлайн болбошу керек деп эсептейм. Анткени, бул окуулар метод алмашуу менен өтсө эффективдүү болмок.

### Тиллабаева Алтынай, Баткен шаары, Кызыл-Жол орто мектебинин мугалими:

- Дүйнөлүк билим берүүгө суңгүп кирип бара жатабыз, бирок тажрыйба алмашуу жөнөкөй айылдык мугалимдерге жетпей келет. Мугалимдер да эл аралык тажрыйба алмашып, билимин чет өлкөдө өркүндөтүп келсе болот эле.

Билим берүүдөгү бардык реформалар чет өлкөнүн тажрыйбасынан алынган. Ал колдон колго, ооздон оозго өтүп отуруп, акыры келип жөнөкөй айылдагы карапайым мугалимге түшүнүксүз болуп калып жатат. Чет өлкөгө тажрыйба алмашууга мектептеги практик мугалимдер барсын деп айтат элем. Алар келип бир район, бир шаарга жайылта алат.

### Самара Мусаканова, Талас, Ж.Мамбетов орто мектебинин мугалими

Албетте, мугалимдер билимди жогорулатып туруусу керек. Карантинден

*(уландысы 7-бетте)*

Дидактика
ОшМУнун профессордук-окутуучулук курамынын илимий-педагогикалык, маалыматтык гезити

*(башталышы 6-бетте)*

кийин онлайн деген мода болду. Квалификациялык окуу болгондон кийин офлайн эле окутса максатка ылайыктуу болот. Мугалимдердин билимин өркүндөтүү ар бир 5 жылда дебестен, тез-тез эле окутуп туруш керек. Мугалимдердин кесиптик чеберчилигин жогорулатууда практикалык иштер көбүрөөк өтүлсө деймин. Методика боюнча дасыккан адистер сабак берсе дагы да жакшы болмок.

**Майрам Латипова**

Учурда мугалимдердин квалификациясын жогорулатуу абадай керек. Анткени, билим берүү виртуалдык системага өткөнү жатат. Демек, ар бир мугалим компьютерди чемичкедей чагып, мыкты сабактарды электрондук негизде өтүп, окуучуну виртуалдык чөйрөдө билим алууга кызыктыруу керек. Окуучу өзүнүн смартфонунан же компьютеринен, ноутбуктан же планшеттен башка бир пайдасыз нерсе издебей, жалаң билим алуу жолун караш керек. Бул үчүн мугалимдер билимдүү болуп, окуучуларды туура жолго бура алса деймин.

**Майрамкул Кыдыралиева, мугалим:**

Союз убагындагы мугалимдердин квалификациясын жогорулатуу иши кошумча эс алуу катары айтайын жайларда уюштурулат болчу. Быйыл жогорулатуу курстары биринин артына бири болуп, кечинде онлайн болуп, айтор мугалимдер жайкы эс алууда эс алган деле жок. Курсту уюштурууда мына ушул жагын да эске алсаныздар. Мындан тышкары, тажрыйбалуу мугалимдер да тартылса, ар бир предметтер боюнча, тажрыйба алмашуу иштери жүрсө деген сунушум бар.

**Айнура Кыязова, мугалим:**

- Азыркы мугалимдердин квалификациясын жогорулатуу курстары менин көз карашым абдан жакшы.Себеби, мен ал жактан өзүмө керектүү маалыматтарды ала алдым. Мугалимдер бири-бирибиз менен тажрыйба алмашып, алган тажрыйбамды өзүм да пайдаланууга жетише алдым. Көбүнчө практика жүзүндө усул алмашуу көбүрөөк болушун каалайт элем. Көбүнчө кесипке байланыштуу талаш-тартыштар ордуна чечилсе жакшы болот эле. Себеби ким лекция өтсө ошонун оюн таңуулана бергендей сезилет. Кээде лекция окуган мугалимдердин көз карашы бири-бирине дал келбей калган учурлар да болот.

**Элгиза Осконбекова, мугалим:**

- Квалификациясын жогорулатуу курстарына мугалимдердин катышуусу албетте сонун мүмкүнчүлүк. Өзүн өзү өнүктүрүүгө маани берилиши керек. Ошол эле учурда өтүлүп жаткан окутуулардын сапатына жакшылап көңүл бурулса жана кайтарым байланыш жүрүп турса. Себеби, окуп келишкен мугалимдер иш тажрыйбасында көп колдонбой эле конуп калган стандарттарынан чыга албай калат. Баардык мугалимдер деп айтуудан алысмын, бирок көпчүлүк мугалимдер жаңылануга көп деле кызыкдар эмес. Сертификат эле алса болду. Ошондуктан ар бир квалификация жогорулатуу курстарын уюштуруучулары кайтарым байланышка бүрөөк көңүл буруп, берген билимин күндөлүк сабакта колдонуп жатканын көзөмөлгө алса деймин.

**Нурзаада Сариева, мугалим:**

- Негизи көз карашым жакшы. Себеби, көптөгөн мугалимдер быйыл өз билимдерин жогорулатууга мүмкүнчүлүк алышты. Сиздерге терең ыраазычылык билдиребиз. Замандын талабына ылайык мугалимдин предметинен тышкары психология, PISA, ЖРТ, олимпиадага даярдоо боюнча эң мыкты практик мугалимдердин сабактарын каалайт элем. Учурдан пайдаланып окуу программасына олимпиада, PISA жана ЖРТ программаларын киргизүүнү сунуш катары айта кетейин.

# Салттуу, же заманбап...

# Билим берүү жана алуу канткенде жеңилдейт?

Кыргызстандагы билим берүү системасы бүгүнкү күндө глобализациянын жана эл аралык интеграциянын шарттарына ылайыкташып, дүйнөдөгү өнүккөн Чыгыш жана Батыш өлкөлөрүнүн билим берүү системаларынын жакшы жактарын өзүбүзгө алып, аны улуттук менталитетибиз менен жуурулуштуруп, эл аралык стандарттарга туура келбеген эски стеоротиптерибизден арылып, өлкөбүздүн кызыкчылыгына туура келе турган реформаларды жасоонун алдында турат.

Мына ошол реформаларды ишке ашыруу Кыргызстандагы алдыңкы окуу жайлар деп эсептелген беш жогорку окуу жайдын катарына биздин Ош мамлекеттик университетин өлкө башчыбыз С.Н. Жапаровдун кошуп, ишеним көрсөтүп жаткандыгы дагы биз үчүн абдан чоң аванс десек жаңылышпайбыз.

Окуу жайыбыздын ректору, профессор К.Г. Кожобеков университетибизде абдан чоң кординалдуу реформаларды баштап жаткандыгы дагы жөн жеринен эмес.

Эми ошол реформалардын катарында окутуучулар жана студенттер үчүн билим берүүдөгү эң негизги каражаттардын бири болгон билим берүүнүн мамлекеттик стандарттары, окуу пландары, силлабустар, сабактардын иштелмелери, көргөзмө куралдары, техникалык каражаттары ж.б. негизги орунда туруп, бүгүнкү күндө окуу жайыбыздын окутуучулары үчүн реформаларды ишке ашыруудагы тоскоолдуктарды, кыйынчылыктарды, кечиктирүүлөрдү жаратуучу куралга айланбай турган жолдорду табуубуз абзел.

Аны үчүн окуу жайыбыздагы №19 бюллетенге үзгөртүүлөрдү киргизип, окуутуучар даярдап жүргөн окуу-усулдук комплексинин (УМК) структурасындагы көрсөтүлгөн жумушчу программаны (РП) жок кылып, силлабусту гана калтыруу жетиштүү деп эсептейбиз.

Себеби, силлабус менен жумушчу программанын структурасы дээрлик окшош, силлабустагы пункттар жумушчу программада кайра эле кайталанат жана жумушчу программаны абдан эле майдалап, татаалдаштырып таштаган.

Мындай мамиле билим берүүнүн сапатын жакшырпастан, тескерисинче окутуучуну кагаз ишине байлап, анын академиялык эркиндигин, өтүп аткан сабагына чыгармачылык менен мамиле кылуусун, илим менен алектенүүсүн чектеп, окутуучуну тажатып, акырында келип анын жумуштан өз каалоосу менен эле кетишине мажбур кылат.

Окуу жайдын окутуучуларга, студенттерге мындай авторитардык-буйрукчул командалык система менен мамиле кылуусу эч качан жемиштүү болбойт.

Тескерисинче билим берүүнү жана билим алууну жеңилдетип, кагаз иштерин максималдуу түрдө азайтып, окутуучулар менен студенттердин билим алып жаткан багыттарына (адистиктерине) чыгармачылык менен изденүүлөрүнө шарт түзүү аркылуу биз сапаттуу, заманбап кадрларды даярдай алабыз.

Эгерде, биз Чыгыштын жана Батыштын өнүккөн өлкөлөрүндөгү билим берүү системаларынын жакшы жактарын ала турганыбыз чын болсо, анда биз бүгүндөн калбай ошол системага өтүшүбүз керек.

Алыс барбай эле Борбордук Азиядагы Америка университетиндеги (АУЦА) окутуучунун силлабус алып көрөлү. Алардын силлабусу төмөнкүдөй төрт эле барактан турат: 1-барагында (бетинде) окуу жайынын, факультетинин, кафедрасынын, адистигинин, профилинин аталыштары, кайсы семестрде окулат, канча кредит окулат ошол жөнүндө жана окутуучунун аты-жөнү, илимий даражасы, кординаттары жазылат. Бул биринчи бети биздин №19 бюллетендеги менен окшош эле. Силлабустун экинчи бетинде ошол дисциплинанын максаты, милдеттери, ошол даярдалып жаткан багыттагы (адистиктеги) дисциплинанын орду, окутуунун натыйжалары (РО), компетенциялары жазылса, үчүнчү бетинде дисциплинанын тематикалык планы (сабактардын темалары) жана технологиялык картасы (кайсы темага канча саат бөлүнгөнү, анын канчасы лекцияга, канчасы семинардык сабакка, канчасы өз алдынча ишке (СРС/СРМ), лекцияга катышсаң канча балл, семинардык сабакка катышсаң канча балл, СРСти аткарсаң канча балл, экзаменде канча балл же баа алаары так көрсөтүлгөн). Ал эми акыркы төртүнчү бетинде ошол үчүнчү беттеги тематикалык план деген жерде көрсөтүлгөн ар бир теманы кайсы адабияттан окуш керектигине жооп ирээртинде дисциплинанын окуу-усулдук каражаттар же болбосо негизги жана кошумча адабияттар, булактар, интернет ж.б. ресурстар менен камсыз болушу камтылган.

Ушул жерден айта кетүүчү дагы бир нерсе силлабус деген сөздүн өзү англис тилинен кыргыз тилине которгондо "окуу программасы" дегенди түшүндүрөт.

Бүгүнкү күндө Президентибиз баш болуп кагаз ишин азайткыла, санариптештирүүнү активдүү жүргүзгүлө деп тапшырма берип жатат.

Эми президентибиз айтпаса деле, башкасы айтпаса деле өзү студент үчүн билим алууда эң негизгиси эмне керек?

Мен кайсыл теманы окуюм? Аны үчүн кайсы адабиятты же интернет сайтын табуум керек? Кандай жооп берсем, канча деген балл алам? – деген суроолор кызыктырат.

Кайсыл мекеме-ишканалардан практикадан өтөм? Практикада канча убакыт жүрөм? Ал жактан мен эмнени үйрөнөм? – деген суроолор негизги болуп эсептелсе, андан кийин дагы бир учур бул окууну бүткөндө кайсыл жерде иштейм? Канча сом айлык алам? – деген суроолор дагы абдан маанилүү экендигин унутпашыбыз керек.

Биз окутуучулар студенттин жогорудагы суроолоруна жооп беришибиз керек.

Экинчи бир чоң маселе студенттерге тең укуктуу, сый-урмат менен мамиле кылуу керек. Бизнестин тили менен айтканда "кардардыкы дайыма туура" ("клиент всегда прав") же кардарга мамиле кылгандай мамиле кылуу учурдун талабы экенин түшүнүшүбүз керек.

Себеби, студент менен университет эки тараптуу келишим түзүп атат. Мен мынча миң сом төлөйүм, сен мага керектүү билимди бересиң деп. Биз эмне кылып атабыз? Биз студенттерди кагып-силкип, кекетип, мен мугалиммин, сен студентсиң, менин айтканым туура, мен айтканды кылышың керек деген сыяктуу терс көрүнүштөрдү жасап атабыз. Мындай мамиле биринчиден маданиятсыздык, экинчиден келишим түзгөн экинчи тараптын (студенттин) укугун тебелөө, басмырлоо, кемсинтүү, үчүнчүдөн кардардын көңүлүн калтыруу менен тескери эффектисин берүүгө алып келет. Студент сабакка окуш үчүн эмес, диплом алыш үчүн эле келип жүрсө, эми тап-такыр башка окуу жайга которулуп кетиши мүмкүн же билим алуу (окуй турган) үмүтүнөн бир жолу баш тартып, башка жолу түшүшү толук ыктымал.

Ошондуктан биз бүгүнкү күндө билим берүүнүн методдорун өзгөртүп, студенттерге сылык-сыпаа, тең укуктуу мамиле кылууну үйрөнүп, сандан сапатка өтүп, кагаз иштерин кескин түрдө азайтып, толугу менен электрондук вариантка өтүп, жагымдуу, ыңгайлуу шартта билим алыш үчүн студент бизден эмнени талап кылса, биз окутуучулар ошого даяр болушубуз керек. Аны үчүн окутуучулар күнүгө, саат сайын өзүбүздүн үстүбүздөн иштеп, окуткан предметибизди сүйүп, ал предметти толук өздөштүрүп, дүйнөлүк тил болгон англис тилин билип, билим берүүдө колдонулган техникалык каражаттарды эч кимди каардамасыз эркин колдонууга жетишип, илимий изилдөөлөрүбүздүн жыйынтыктарын эл аралык конференцияларда баяндама жасап, Scopus өңдүү абройлуу илимий журналдардан макалаларыбызды жарыкка чыгарып, биздин илимий изилдөөбүздүн жемиши Кыргызстаныбыздын жыргалчылыгына кызмат кыла турган деңгээлге жеткирүүбүз учурдун эң негизги тапшырмасы.



**Ж.С.Бөтөнөев,**
**ОшМУнун Чыгыш таануу институтунун директору, тарых илимдеринин кандидаты, доцент**

"Дидактика"
ОшМУнун профессордук-окутуучулук курамынын илимий педагогикалык, маалыматтык гезити

**Башкы редактор:**
Тургунбай АЛДАКУЛОВ

**Редакциялык кеңеш:**
Н.Мапаева, Г.Жутанова, А.Батыралиев, М.Ниязалиев, З.Нуралиева, М.Осмонали кызы

**Корректор:** М.Турсунбекова
**Фото кабарчы:** Р.Максутов
**Дизайнер:**
Дүйшөнбек Бектемир уулу

Кол жазмалар, фото-сүрөттөр кайра кайтарылбайт жана кат жүзүндө жооп берилбейт. Жарыяланган материалдар редакциянын толук көз карашын билдирбейт. Макалалардагы фактылар үчүн авторлор өздөрү жооптуу. Гезит редакциянын компьютердик борборунда терилип даярдалып, "ММКны колдоо борбору" басмаканасынан басылды.
КРнын Юстиция министрлигинен каттоодон өткөн күбөлүктүн каттоо номуру 10155. Күбөлүк 003799

**Банктагы реквизиттер:**
Инн 00207199610017,
р-с. 4407011103007617,
«РСК-Банк» Ош филиалы, Ош шаары
БИК 129039
Редакциянын дареги: Ош шаары, Ленин көчөсү-331, ОшМУнун башкы имараты, 219-каана.
Гезит «ММКларды колдоо борбору» фондунун басмаканасында басылды.
Нускасы: 1800 Буюртма №1828

# Кара чекит

Акылман бир күнү шакирттерин сынамак болуп ак кагаздын ортосуна кичинекей кара чекит тартат да, шакирттерин чакырып: «Бул жерден эмнени көрүп турасыңар?» деп сурайт. Биринчиси кагазда чекит гана тартылганын айтат. Экинчиси жакшылап карап туруп, ал чекит кара чекит экенин айтат. Ал эми үчүнчүсү көпкө карап туруп, ал чекит боёлгон кара чекит экенин так айтат. Ошондо акылман алардын жообуна ыраазы болбой, көзүнө жаш алып ары басып кетет. Анын бул абалына таң калган шакирттери «Башка дагы бир нерсе барбы?» дегендей ак кагазды көпкө карап турушат да, устатынан эмнени туура эместигин сурашат. Ошондо устаты аларга карап:

– Баарыңар бул жерден кичинекей кара чекитти көрдүңөр, бирок, бирөөңөр да чоң ак кагазды көрбөдүңөр. Тилекке каршы, канча окусаңар да башкалардан эч кандай айырмалана албадыңар дейт.

Жашоодо да ушундай адамдардын бардыгы жогорку окуяга далил. Себеби, бири-бириндеги жакшы сапаттарды көргүсү келбейт да, кичинекей жаман сапатын көрсө, ошону чоңойтуп айтканы бүгүнкү жашообуз далилдеп турат. Жашоодо майда-чүйдөнү эмес, чоң нерселерди көрүүгө аракеттенели. Бийик болуңуздар, "мен" деген сөзгө басымды жай коюңуздар.

# АКЫЛЫНАН АЙНЫГАН АТАНЫН БАТАСЫ

Ал убакта мен мечитте имам элем. Алдымда машинам бар болчу. Атам акылынан азып ооруп калган эле. Өз үйүндө отуруп алып, "мени үйүмө алып барып кой",- деп уруша берет эле. Ошондо мен атамды машинама салып, айылды айландырып кайра үйгө алып келип койсом, "Оо, өз үйүм өлөң төшөгүм, кандай сонун, рахмат балам" деп аябай сүйүнчү.

Күндөрдүн биринде машинамды сатып, кийин кызматымдан кол жууп, үйдө отуруп калдым. Ошентип атамды карап жүргөнмүн.

Бир күнү эле, "Оо балам, мени үйүмө алып барып кой" деди. Эми эмне кылам деп эки дөңгөлөктүү арабага төшөк салып, ага атамды отургузуп, айдоого чыгып машина айдап бараткандай түр калтырып, "Вуум, вууум" деп үн чыгарып, ары-бери айландырып, "Мына ата үйүңүзгө келдиңиз" дедим.

Атам аябай сүйүнүп, "Бар бол уулум, кел эми сага батамы берейин", деп алаканын жайып:

"ОО АЛЛАХ, МЕН БАЛАМДАН ЫРААЗЫМЫН, СЕН ДА ЫРААЗЫ БОЛ, БАЛАМДЫН АРТЫНАН ПАДЫШАЛАР ЖҮРСҮН",- деп бата кылды.

Ошондо мен оорукчан атама түшүнүп, жөн гана жылмайып койгон элем. Же жумушум, же машинам жок болсо кайдагы падышалар артыман жүрсүн деп ойлоп койгом.

Кийин атам каза болду. Шаарга ишке орноштум. Ошентип иштеп жүргөн күндөрдүн биринде атактуу шаарыбыздын маарекелик майрамы болуп, бүткүл дүйнөдөгү ислам өлкөлөрүнүн падышалары келди. Менин жумушума байланыштуу ошол падышаларга гид (жол көрсөтүүчү, тааныштыруучу) болуп калдым. Анан өзүбүздүн падышабыз мага кайрылып, "Эй бала алдыга жүр" деди да кайра ойлонду окшойт, ошол сөзүн кайра өзүнө алып, "Кары аке, алдыга жүрүңүз" деди.

Анан мен алдыда жүрдүм, ислам өлкөсүнөн келген падышалар артымдан басышты. Ошондо акылынан азган оорукчан атамдын мага берген батасы кабыл болгонун билип буркурап ыйладым.

Баса, бул окуя атактуу Пазылжан карынын өмүр баяны. "Атаңдан бото калбаса да, бата калсын" деп байыркы кыргыз элинде батага абдан терең маани беришип, кадыр тутушкан! Андыктан, ата-энебиздин кызматын кылып, көзү тирүүсүндө батасын алалы. Ата-эне ыраазы - Аллах ыраазы!

# БЕРЕКЕНИН ОРДУ КАЙДА?

Бир адам имам Шаафиге даттанып келди:

- Мен жалданып иштеп күнүгө беш дирхам алам. Бирок ал менин жашоо тиричилигиме жетпей жатат, береке болбой жатат,- деди ал.

Имам аны-муну сураштырып көрүп анан айтты:

- Сен иштеген акыңа төрт дирхам алып көр.

Тиги киши анын айтканына түшүнбөсө да аргасыз макул болуп төрт дирхамга иштей баштады. Бир аз күндөн кийин кайра келип өзгөрүш болбой жатканын айтты.

Имам Шаафи ойлонуп көрүп бул жолу күнүнө үч дирхамга иштеп көрүүсүн сунуш кылды. Бул жолу да эч нерсе түшүнбөсө да айласыздан имамдын кеңешин аткарды.

Бир канча убакыт өткөндөн кийин баягы адам кайра келип, эми бардыгы жетип, үйдө береке болуп, акча ашып да калып жатканын калганын айтты. Буга кубанган тиги киши имамдан мунун сырын ачып берүүсүн сурады.

Имам Шаафи айтты:

- Сен мурдатан эле үч дирхамдык жумуш кылып жаткансың, ал эми эки дирхамды ашыкча алып жаткансың. Ошол эки дирхам сенин акың эмес болгон үчүн сенин адал акчаңа аралашып, адал акчаңын да берекесин кетирип жаткан. Качан ал эки дирхамды албай калганыңда адал акчанын берекеси кайтып келди.

Имам Шаафи сөзүн бул ыр саптары менен жыйынтыктады:

"Адалды көбөйтпөгүн арам менен,
Жок болот арам кирсе адал деген!"

# Асыл ой берметтери

Көптү билген адам акылман эмес, билимин колдоно алган адам акылман.

***

Адамдар китеп сыяктуу: тамгалары көрүнүшү бирдей, бирок, мазмуну ар башка.

***

Адам өз кемчилигин өзү оңдобосо турмуш аны кайра-кайра жазалайт.

***

Бөлмөнү кооз гүлдөр көрктөндүргөндөй эле, учкул сөздөр жана таамай айтылган ойлор адамды көркүнө чыгарат.

***

Жашоону кайра баштан баштоого болбойт, бирок башкача улантууга болот.

***

Айып пайдасыз сезим. Ал эч качан эч кимге жардам берген эмес жана кырдаалды өзгөртө албайт. Ошондуктан өзүңүздү камактан бошотуңуз.

***

Башка бирөөнү өзгөрткүң келсе алгач өзүңдү өзгөрт.

***

Эң сонун нерселердин ээси болуу үчүн эң алгач аларга болуу мүмкүн экендигине ишенүү зарыл.



# Конфуцийдин ой казынасынан

“Жол адамды эмес, адам жолду кеңейтет”

* * *

Окуучусунун өмүр бою бир гана сөздү эреже катары кармап туура жашап өтүүгө мүмкүнбү деген суроосуна Конфуций: «Ооба. Бул – ак тилек деген сөз. Башкаларга өзүңө каалабаган нерсени каалаба» деп жооп берди.

* * *

Бийик адамдын жан дүйнөсү дайым тынчтыкка толуп турат. Деңгээли төмөн адам ар дайым күйпөлөктөп жүрөт.

* * *

Жанымда эки гана адам болсо да, алардан бир нерсени үйрөнө алам. Алардын артыкчылыктарын өзүмө сиңирип, кемчиликтеринен сабак алам.

* * *

Күчтүү адам кыйынчылыкты туруктуулук менен жеңсе, алсыз адам ызага өзүн таштап салат.

* * *

Ар бир адамды өзүбүз сыяктуу урматтап, бизге кандай мамиле жасашын каалаасак аларга да ошондой мамиле кылуудан артык эч нерсе жок.

* * *

Сабырдуу адам аз жаңылат.

* * *

Сүйлөшүүгө татыктуу адам менен сүйлөшпөй коюу, демек ал адамды жоготууга барабар. А кептешүүгө татыксыз адам менен баарлашуу сөздү жоготууга тете. Акылдуу адам анысын да, мунусун да жоготпойт.

* * *

Адамдын алдында акылга карай үч жол бар: ойлонуу жолу – эң адилет жол; тууроо жолу – эң жеңил жол; баштан өткөргөн тажрыйба жолу – бул эң кыйын жол.

* * *

Акылдуу адам менен жолукканда ага кантип теңелүүнү ойлон, акылсызга бет келсең өзүңө өзүң үңүлүп, өзүңдү өзүң сотто.

* * *

Бийик даражалуу кызмат ордум жок деп тынчсызданба. Сен ошол кызмат ордуна татыктуумунбу деп ойлон. Мени башкалар таанныбайт деп күйпөлөктөбө. Сени алар билүүгө татыктуусуңбу – мына ушуну ойлоп тынчсыздан.

* * *

Эрте менен акыйкатты билсең, кечинде бул жашоодон кете берсең болот.

* * *

Эскиге кайрылып, андан жаңы нерсени таба алган адам устат деген атка татыктуу.

* * *

Жападан жалгыз чыныгы катачылык бул – эски каталарыңды оңдобоо.

* * *

Өзүңө катаал, башкаларга жумшак бол. Минтүү менен адамдардын жек көрүүсүнөн сактанасың.